**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**ДОСТУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ДОСТУК**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024ж. 5 апрель № 6/3-XXVIII Ленин а.

## Жер участогун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жер кодексине” ылайык, ошондой эле Достук айыл аймагында №744 контурунда жайгашкан жер участогун, жалпы аянты 2,9 га "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыштын жана башка багыттагы жерлер" категориясына трансформациялоо жөнүндө Достук айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адиси А.Т.Джаркинбаевдин маалыматын угуп жана карап чыгып, Достук айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Достук айыл аймагында № 744 контурунда жайгашкан, жалпы аянты 2,9 га жер участогун таштандыларды кайра иштетүүчү завод куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыштын жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берилсин.

**2.** Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына Достук айыл аймагында №744 контурунда жайгашкан, жалпы аянты 2,9 га жер участогун таштандыларды кайра иштетүүчү завод куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыштын жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) жана мыйзамда белгиленген тартипте бекитүү өтүнүчү берилсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Достук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Айтиев Т.Т.**